**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАДАНИЯТ, МААЛЫМАТ, СПОРТ ЖАНА ЖАШТАР САЯСАТЫ МИНИСТРЛИГИ**

**НАСЫР ДАВЛЕСОВ АТЫНДАГЫ РЕСПУБЛИКАЛЫК МАДАНИЯТ ЖАНА ИСКУССТВО КОЛЛЕДЖИ.**

| | |
|---|---|
| **МАКУЛДАШЫЛДЫ** | **БЕКИТИЛДИ** |
| **РМИК усулдук кенешинин жыйынында** | **Окуу болуму боюнча** |
| **Протокол «1» __7__2021-жыл** | **Директордун орун басары** |
| **Торайым __________** | **«__7__»__09____2021-жыл** |
| **Оролбаева М.Дж** | **__________** |
| | **Асанкулова Б.С** |

**ЖУМУШЧУ ПРОГРАММА**

Сабактар боюнча: Элдик музыкалык чыгармачылык сабагы

Адистик боюнча: 071402

| | |
|---|---|
| Курс (I) | Анын ичинде аудиториялык: |
| Семестр____II_______ | Лекция____________________ |
| План боюнча _____________ | Практика жузундо___________ |
| Баардык саат_____60_________ | Жекече 40 |
| Насыялар ____________ | Студенттин өз алдынча иштоосу 20 |

Жумушчу программа КР БИЛИМ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИНИН орто кеситпик билимдин мамлекеттик билим беруу стандарттын негизинде тузулду.

Жумушчу программаны тузгон окутуучу: Токоева Н.Н, Амангулов К.М, Асанбек уулу А

**Токмок 2021-ж**

## I. Окуу сабактарына жалпы мүнөздөмө:

Элдик өнөрдү сактап калуу, улуудан калган өнөрдү улап, учтан түпкө курап, муундан-муунга татыктуу өткөрүп беруу максатында элдик, автордук ырларды аткарууну ырдоо ыкмаларына өзгөчөлүктөрүнө түшүндүрмө берүү, көркөм аткаруучулук чеберчиликтери менен ырдоо эрежелерин сактоого үйрөтүү.

### 1. Сабакты окуп үйрөнүүнүн максаты:

Студенттерге эстетикалык тарбыя берүү жана элдик мүнөздөгү обондуу ырларды комуздун коштоосунда аткаруучулукка үйрөтүү.

### 2. Сабак боюнча окутуунун жыйынтыгы:

**ОЖ-1** Студенттин аткаруу чеберчилигинин жана музыкага болгон ынтызарлыгын арттыруу, ата-бабаларыбыз мураска калтырган рухий байлыгыбыз, оозеки берилип келе жаткан көөнөрбөс күүлөрдү, обондорду үйрөтүү.

**ОЖ-2** Берилген чыгармаларды толугу менен жаттоо.

**ОЖ-3** Үн коюдагы жазалган көнүгүүлөрду чыгармада колдонуу.  Аспаптын коштоосунда ырдоодо тонго түшүп угуп ырдоо

**ОЖ-4** Студенттин иштөө диапазонун туура табуу.

**ОЖ-5** Залкар обончулардан тартып азыркы обончулардын дээрлик бардыгынын чыгармаларын комуздун коштоосунда үйрөтүү.

**Курс аяктагандан кийин студент билүүгө тийиш:**

**Колдоно билүү:** Студент нотаны окуй алууга, угуп ойноого чыгарманын көркөмдүүлүгүнүн үстүндө иштөөгөө милдеттүү; Чыгармаларды аткарууда вокалдык ыкмаларды колдоно билүү, өзүнүн диапазонун аныктоо, вокалдык чеберчилигин арттыруу. Комуздун коштоосунда ырдай билүү.

**Тушунуу:** чыгарманы аткарууда туура дем алууну, артикуляцияны туура колдоно билүү.

**Жалпы илимий иш компетенттуулук- ЖК**

**ЖК-1.** Келечек адистигинин маңызын жана социалдык маанилүүлүгүн түшүнүп ага болгон кызыгуусун арттыруу.

**ЖК-2.** Кесиптик милдеттин натыйжалуулугун жана сапатын баалай билүү, үчүн өз ишмердүүлүгүн уюштуруп аны аткарууда түрдүү усулдукту жана ыкмаларды тандоо.

**ЖК-3.** Стандарттык жана стандарттык эмес жагдайларда чечим кабыл алып жана ал үчүн жоопкерчиликтүү болуу.

**ЖК-4.** Кесиптик милдеттердин натыйжалуулугун аткаруу үчүн изденүү жана маалыматтарды колдонууну ишке ашыруу.

**ЖК-5.**Кесиптик ишмердүүлүктө маалымат-байланыш технологиясын колдонуу.

**ЖК-6.** Кесиптештер, жетекчилер, керектөөчүлөр менен үзүрлүү байланышта болуу учун коллектив жана команда менен иштөө.

**ЖК-7.** Адистикти жана инсандык талапты өнүктүрүү үчүн өз билими менен кесиптикти жогорулатууну алдын ала пландап милдеттерди өз алдынча аныктоо.

**Профессионалдык компетенттүүлүк- ПК**

**ПК-1.**Иш- чараларды аткаруу.

- кесиптик жана жүрүм-турум маданияты жана өзүн-өзү өнүктүрүү;

- чыгармачылык корком жана чыгармачылык милдеттерди чечуу процессинде чеберчилик;

- музыкалык чыгарманын автордук стилинде адекваттуу көркөм сөз каражаттарын аткаруу системасын колдоно билүү.

**ПК-2.** Өз концепциясын түзүү жана музыкалык чыгарманы чечмелөө. Кийнки компетенциялар табуу, билим берүү, студент менен иштөө менен түздөн-түз байланыштуу.

1. Студенттин музыкалык жөндөмүнүн өнугүү денгээлин диагнозтикалоо. Студенттердин өнүгүүсүнүн бул баскычы үчүн жеткиликтүү денгээлде билим берүү жана көндүмдөрдү калыптандыруу.

2. Көркөм жана таанып билүү процесстеринин өнүгүшүн башкаруу.

3. Көркөм маалыматтын жаркын жана кызыктуу таркатылышы.

4. Класстардын түрлөрү жана формалары ар түрдү.

5.Студенттердин топтук жана жеке музыкалык ишмердүүлүгүн башкаруу.

6. Студенттин позициясынан келип чыккан көйгөйлөрдү чечүү.

**ПК-3.** Компетенциялардын акыркы тобу мугалимдин даярдыгы менен аныкталат, алган билими;

1. Мазмун жана окуу технологиялары менен иштөө жөндөмдүүлүгү.

2. Сабактын көркөм жана педагогикалык курулушунун жолдорун тушунүү.

3. Методикалык жабдуулар.

4. Педагогикалык жана илимий адабият

5. Музыкалык репертуарды мугалимдин өздөштүрүүсү

6. Музыкалык материалды изилдөө жана музыкалык-педагогикалык ыкмаларына ээ болуу.

7. Маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын мүмкүнчүлүктөрүн колдонуу.

**II Тематикалык план жана окууту сабактарынын мазмуну:**

**1-курс. 2-семестр**

Бул жарым жылдыкта студентке өздүк көркөм чыгармачылык жетекчисинин социалдык мааниси туурасында тушундурмо берилет

-Залкар обончулардан тартып азыркы обончулардын дээрлик баардыгынын чыгармаларын комуздун коштоосунда уйротуу. Студенттин иштоо диапазонун туура табуу. Ар бир жарым жылдыктын аягында контролдук саат отулот.

1-Элдик ыр

2- обондуу ыр

3-санат насыят ыр.

| № | Тема жана болуктордун аталышы | Сааттардын саны |
|---|---|---|
| 1 | Аспап менен таанышуу, олтуруу аспапты кармоо эрежеси жана тоомдогу ноталардын (гамма) жайгашуусун оздоштуруу. | 6 |
| 2 | Элдик ырдоонун өзгөчөлүгү, тарыхы өнүгүүсү, ырдоо искусствосунун негиздери менен таанышуу. | 2 |
| 3 | Нотаны өз алдынча окуй алуу менен ырдоо ыкмасын өздөштүрүү. | 3 |
| 4 | Чыгарманын өзгөчөлүгүнө жараша комуздун партиясын так чертүү | 3 |
| 5 | Куплеттер арасында чыгарманын кайрыгын так чертүү. | 2 |
| 6 | Чыгарманын нотасын окуй алууга угуп ойноонун көркөмдүүлүгүнүн үстүндө иштөө. | 3 |
| 7 | Чыгарманы туура тональностто аткаруу. | 3 |
| 8 | Чыгарманын мазмунуна маани берип ошого жараша мүнөздө аткаруу. | 3 |
| 9 | Теория менен практиканы байланыштыруу. | 3 |
| 10 | Чыгарманын көркөмдүүлүгүн арттыруу | 2 |
| 11 | Аткаруу чеберчилигин байытып өрчүтүү. | 2 |
| 12 | Ырдоо чеберчилигин өздөштүрүү | 2 |
| 13 | Ырдын комуздагы бөлүгүн так чертүү | 2 |
| 14 | Өтүлгөн чыгармаларды башынан кайталоо. | 4 |
|  | **Баардыгы:** | 40 саат. |

**1-курска аткарууга ыйгарылган болжолдуу чыгармалар:**

1. Жүрөгүмдөн
2. Ак кептер
3. Сарый ой
4. Кандай жансын курчун жок
5. Сыйлай жур
6. Өмүр
7. Ак Бермет
8. Кайдасын
9. Эсте секет
10. Жылкычынын ыры
11. Ак шоокум
12. Айнагүл
13. Тушумдо
14. Сезим
15. Энекем
16. Сен дегенде
17. Терме

**III. Студенттердин жетишкендигинин ыкчам чеги жана жыйынтык текшерүүнүн чен өлчөмү.**

**Ыкчам текшерүү.**

Сабактын модулу боюнча окутуунун аудиториялык жана аудиториядан тышкары түрлөрүн көзөмөлдөө.

1. Берилген чыгарманы жаттоо.

2.Чыгарманы аткарууда, бардык музыкалык белгилерди так аткаруу.

3. Сабакта өтүлүүчү көнүгүүлөрдү, чыгарманы аткарууда туура колдонуу.

**Модуль (чектик текшерүү)**

Аралык модуль, окутуучу тарабынан түзүлгөн курстун жеке планына карата белгиленет.

**IV.Студенттердин окутуу ишмердуулугундо баалоонун чен өлчөмү (силлабуста окутуучу тарабынан жекече жазылат)**

**V. Студенттердин өз алдынча иштөөсүнүн жыйынтыгын баалоо чен өлчому болуп:**

Окуу материалын өздөштүрүү денгээли.

Практикалык тапшырманы аткарууда теориялык билимди колдоноо билүүсү.

Өз алдынча иштөө боюнча коюлган талаптар негиздуу жана так болуу керек.

| № | **Өз алдынча иштөөнүн темасы:** |
|---|---|
| 1 | Туура дем алууну үйрөнүү |
| 2 | Артикуляциялык аппараттар менен иштөө |
| 3 | Комузду күүлөй билүү |
| 4 | Музыкалык угууну өстүрүү |
| 5 | Репертуар кобөйтүү (элдик ырларга басым жасоо) |
| 6 | Чыгармалардын үстүндө көркөмдөп иштөө |
| 7 | Ырдын тональносун таба билүү |
| 8 | Ырдын авторлору ким экенин кенири билүү |
| 9 | Элдик ырлар менен автордук чыгармаларды айырмалап билүү |
| 10 | Көлөмдүү ашыглык жана арман ырларынан жаттоо |
|  |  |

**VI. Колдонулган адабияттар:**

**1.Негизги булактар:**

«Улуу мурас» китеби тузгон: Самат Көчөрбаев. Бишкек 2014-ж

«Ала-Тоо таншыйт»

Түзгөн: Балбай Алагушев

**2.Кошумча адабияттар:**

«Сен сүйгөн обон» тузгон: Бекмурза Рахман уулу Бишкек 1992-ж

«Обончулардан ыр белек» түзгөн: Д.Урмамбетов

Интернет булактары YouTube. Google